# “КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ” ПРЕДМЕТИНДЕ ТЕҢИР-ТООЛУК КЫРГЫЗДАРДЫН РОССИЯНЫН БИЙЛИГИН КАБЫЛ АЛЫШЫНЫН УРУНТУУ УЧУРЛАРЫН ОКУП ҮЙРӨНҮҮ

**КУРМАНАЛИЕВ К.А.**
biblionsu@rambler.ru

Мектептеги билим берүү системасында белгилүү бир орунду ээлеген жана проблемалык-хронологиялык принципте курулган тарых сабагы тарыхый жана жарандык билим берүүнүн бир бөлүгү болуп саналат.

Азыркы билим берүү процесси гумандуулукка жана инсанга багытталган дидактикалык системага басым коюуну талап кылат. Мындагы негизги максат окуучуларга билим берүү менен гана чектелбестен, алардагы инсандык кызыкчылыкты ойготуу, тарыхты үйрөнүүгө болгон кызыгуусун калыптандыруу, өзүн-өзү өркүндөтүүгө багыт берип, өбөлгө түзүү, б.а. окуганга, өздөштүргөнгө, таанып билүүгө окутуу болуп саналат. Бул максатка ылайык мурда билим берүүнү камсыз кылган методго басым коюлса, эми өспүрүмдүн жалпы өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү үчүн бир нече методдордун комплексин колдонуу зарылдыгы пайда болду. Бул зарылдык салттуу жана интерактивдүү методдорду айкалышта же белгилүү ырааттуулукта колдонуу, алардын айрым бөлүктөрүн бириктирүүнү талап кылууда.

Жогорку класстарда мурда алынган ыкмалар жана өздөштүрүлгөн компетенциялар бүтүндөй инсандык сапаттарга жуурулушуп кете турган билим берүү баскычы болуп саналат. Бул сапаттарга эң оболу өнүккөн сынчыл ой жүгүртүү, укуктук-жарандык аң-сезим, конструктивдүү коммуникацияга даярдык кирет. Бул сапаттарды өнүктүрүү – тарыхты билүү жана ал бүгүнкү кырдаалга кандай таасир көрсөтөөрүн түшүнүү, көп түрдүүлүк нарктуулугуна жана маданий плюрализмге оң мамиле кылуу, башка адамдын инсандык сапаттарын, укуктарын жана маданий өзгөчөлүктөрүн урматтоо дегенди билдирет.

Педагогикалык илимде жеткиликтүүлүк принциби кээ бир дидактикалык эрежелердин аткарылышы менен байланыштырылат. ***Биринчи эреже – жеңилден оорго карай; экинчи эреже – белгилүүдөн белгисиздикке карай; үчүнчү эреже – жөнөкөйдөн татаалга карай [1].***

Демек, ***биринчи эрежеде,*** билгендерин кийинки жана мурунку маалыматтары менен салыштыруу аркылуу жеңил материалдан оор материалга карай өнүгүү болот. ***Экинчи эреже,*** окутуу процесси – белгилүү бир мезгил, убакыт ченемдерге билимге, билгичтикке жана баалуулуктарга ээ болуу максатында мугалим менен окутуучунун биргелешкен ишмердиги. ***Үчүнчү эреже,*** материалды жөнөкөй сүйлөмдөн баштап, татаал тексттерге карай өздөштүрүү. Бул аныктоолор ***“тексттерден турган материалдарды окуучуга кандайча жеткиликтүү түрдө өздөштүрүүгө жардам берүүгө болот”*** - деген суроого жооп берет. Бул жерде окуучулардын өз алдынча аракети негизги ролду ойнойт: өз аргументтери келтирилген, чыгармачылыгы менен жазылган – макала, комментарий, рефераттар, тарыхты кошумча материалдар менен издөөгө умтулуусу жана кесипке багыт алуу.

Жогорку класстарда тарых сабактары мурдагы өтүлгөн темаларды кайталоо иретинде берилет. Булар бүтүрүүчү класс болгондуктан даталарды эстеп калууну, окуяларды ирээттүү келтирүүнү талап кылабыз.

И.Я.Лернер, окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн, чындыкты тарыхый таанып билүүнүн методологиясына ээ болуунун зарылдыгын аныктап, айрым окуялардын уникалдуулугуна карабастан, тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрү типтүү көрүнүштөрдүн жана мүнөздүү тенденциялардын кайталануучулугунан куралат, деп белгилейт [2].

Демек, Кыргызстандын тарыхына кайрылсак, ар бир тарыхый фактыны, тарыхый окуянын мыйзам ченемдүү көрүнүштөрүн окуучуларга ачып берүү болуп саналат.

Ошондуктан, бул жагдайды 11-класстын Кыргызстандын тарыхы предметинде ***"Теңир-Тоолук кыргыздардын Россиянын бийлигин кабыл алышы"*** деген темада өздөштүрсө болот. Теманын мазмунунда: Россияга кошулганга чейин Теңир-Тоодогу кыргыздардын бир бөлүгүн Кокон хандыгы каратып, мезгил-мезгили менен салык алып турганы, экинчи бөлүгү Кашкардагы цин-манчжур бийлигинин таасиринде турган Кытай менен чектешкени, Кыргызстандын бул аймагын каратууга орус бийлиги чоң маани бергени, айрым кыргыз урууларынын орус аскерлерине каршы куралдуу кармаштары жана өз каалоосу менен орустардын бийлигин таануусу камтылган.

Бул теманын мазмунун өздөштүрүү үчүн алгачкы ирет максаттарды белгилеп алуу зарыл.

Ал үчүн окуучу менен мугалимдин биргелешкен ишмердүүлүгү менен сабактын максаттарын белгилеп алабыз:

- Теңир-Тоо аймагын каратуудагы орус бийлигинин кызыкчылыгын талдайсыңар;
- Теңир-Тоо аймагындагы айрым кыргыз урууларынын орус аскерлерине каршы куралдуу кагылыштарын белгилейсиңер;
- Тарыхый окуялардын башталышынын себептерин, өбөлгөлөрүн, тарыхый жыйынтыктарын аныктайсыңар;

Коюлган максаттар окучунун позициясынан ***"бул мага керек"*** деген позицияда каралат. Теманын мазмунун ачып берүү үчүн мугалим окуучуларга Россияга кошулганга чейин Теңир-Тоодогу кыргыздардын абалы менен тааныштырып, орус бийлиги эмне себептен Теңир-Тоо аймагын каратууга чоң маани бергенин окуучулар менен бирдикте талдап алынышы керек. Муну далилдеш үчүн окуучуларга: *Документүү материал "****Батыш Сибирь генерал-губернатору Дюгамелдин вице-канцлерге жазган каты (1863-ж. 23-апрели)"*** тааныштырылат.

*"Россия букаралыгына черик уруусун кабыл алуу... биз үчүн өтө пайдалуу, анткени биздин таасирибизди жайылтуу аркылуу Россия бийлигиндеги кыргыз уруусу бугулардын бейкапар бейпилдиги үчүн дагы, Кашкарга ошол кыргыздар (черикитер) мекендеген аймактарды аралап өтүүчү соода жолдорун камсыз кылуу үчүн дагы эле оңтойлуу натыйжаларды күтүүгө болот. Россия букаралыгына чериктердин өтүшү бөлөк кыргыз уруулары дагы, айрыкча сарыбагыштар, алардын жолун жолдошу үчүн үлгү болушу мүмкүн, арийне, анда Россиянын чечкиндүү таасири Кашкар чегине чейинки урууларга биротоло таркалаары анык. Эгерде чериктерди Россия букаралыгына кабыл алуу жөнүндө маселе оң чечилсе, анда бугулар менен чериктерди башкаруу үчүн келерки жылы Ысык-Көлдө чеп куруу керек"[3].*

Мында окуучулар тарыхый документүү материал менен иштөөнүн жолдорун өздөштүрүп, ошондой эле Россиянын Теңир-Тоону каратуудагы негизги максаттарын талдоо, ачыктоо ишмердүүлүктөрү аткарылат. Мугалим окуучулардын пикирин угуу менен Борбордук Теңир-Тоодо Орусиянын таасирин орнотуу Чыгыш Түркстан, айрыкча, Кашкар менен түз соода байланыштарын өнүктүрүү үчүн да өтө зарыл болгон. Буга чейин орус көпөстөрү Кашкар менен соода-сатыкты көбүнчө Кокон хандыгы аркылуу Верный тараптан Кулжа аркылуу ишке ашырып турган.

Ал эми Теңир-Тоо аркылуу түз байланыш түзүү жолдорду кыйла кыскартып, өтө пайдалуу болмок. Бул жол Көлдүн батыш тарабы, Кочкор, Нарын, Ат-Башы, Ак-Сай аркылуу өтүп, Көлдүн чыгыш жагындагы жолго караганда оңтойлуу, ашуу-белдери анча татаал эмес эле. Кашкарга өтө турган бул жолду өздөштүрүп, кербендердин коопсуздугун камсыз кылыш үчүн аталган аймактарды ээлеш керек болучу.

Биз эми Россиянын Теңир-Тоону каратуудагы аракеттерин карайбыз. Бул үчүн биз тема боюнча түзүлгөн слайддарды пайдаланабыз. Компьютердик слайддар маалыматтарды коштоо функциясын аткарып, окуучулардын предмет боюнча ***репродуктивдик,*** ошондой эле, ***логикалык*** (системалаштыруу жана классификациялоо, анализ жана синтез) жана ***рефлексивдик*** (статистикалык маалыматтады кайра иштеп чыгуу, маалыматтарды топтоо, тартипке салуу жана

анализдөө) ыктарга ээ болуу процессин бир кыйла жеңилдетет. Компьютердик слайддар тарыхый процесстердин моделдерин түзүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет [4].

***Компьютердик слайддарды колдонуу төмөнкүлөрдү жасоого :***

- изилденип жаткан тарыхый процесстин материалдарын реконструкциялоого, тактоого;
- изилденип жаткан мезгилге, тарыхый маалыматтарга динамикалык анализ жүргүзүүгө;
- айрым саясий окуялардын маңызын жана маанисин терең түшүнүүгө;
- экономикалык жана саясий мүнөздөгү окуяларды мүнөздөөгө мүмкүндүк берет [5].

Слайддын жогоруда көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрү алдыга коюлган билим берүүчү жана тарбиялоочу максаттарга ылайык, сабакта окуучулардын түрдүү ишмердиктерин моделдештирүүгө жана уюштурууга мүмкүндүк берет. Анын жардамы менен конкретүү сабак же анын чегинен да тышкары окуучулардын теориялык билимдерин кыйла тереңдетүүгө, аларды түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды аткарууга даярдоого, коммуникативдик жана интелектуалдык ыктарын, ошондой эле, таанып билүү ишмердигинин ыктарын калыптандырууга болот. Слайд 1




1863-ж. 3-майда Борбордук Теңир-Тоого Генштабдын капитаны Проценко башчылык кылган “кашкар отряды” Кастектен сапарга чыгып, Боом капчыгайы, Орто-Токой жана Кызарттын бели аркылуу Жумгал өрөөнүнө жете келет. Адегенде Кочкор менен Жумгалды жердеген сарыбагыш, саяк уруулары орус кошуунун деле, кокондуктарды деле колдогон эмес. Ошол кезде Жумгалдагы коргондо бар болгону жарак-жабдыгы начар 50гө жетпеген кокондук сарбаздар турган. Алар жоого каршылык көрсөтүүгө даай албай коргонду таштай качканда, аны орус аскерлери ээлеп талкалап салды. Андан соң Проценконун кошууну Соң-Көл жайлоосу аркылуу Теңир-Тоодогу кокондуктардын башкы ишенич тиреги – Куртка чебин көздөй сапарын улайт.

Кыйла аскер топтогон бекем чеби болсо да кокондук төрөлөр орус кошуунунун жолун Ак-Талаада тороп чыккан жок. Ээси күн мурдатан чегинип кеткен бул чепти Проценко май айынын аягында эч кандай кармашсыз эле басып алып кыйратып салган. Курткада бир топ өргүп, узак сапарда чарчап-чаалыккан жоокерлери эс алган соң капитан Проценко жердин уусун жакшы билиш үчүн кошуундун жарымын ээрчитип дарыя бойлоп Нарындын төрүнө бет алат.

Мугалим окуучуларга бул маалыматты бергенден кийин окуучуларга окуучунун позициясындагы ***“алдын ала айтуу”*** суроосу: “***Теңир-Тоо өрөөнүндө орустардын аскерлерине куралдуу каршылыкты ким көрсөткөн?”*** - деген суроо коюлат. Окуучулардын пикирин угуу менен мугалим 2-Слайдды көрсөтөт.





Үмөтаалы Ормон уулу баш болгон сарыбагыш, саяк манаптары орус аскерлерин бириндетип талкалап, Ата Журттан сүрүп салуу максатында 19-июнда Эки-Чат деген (Куртка өзөнү өтүүчү колотто) жерде подпоручик Зубаревдин кошунуна кол салышат.

*“Бул кошуун июндун башында Нарындан Көтмалдыга азык-түлүк, ок-дары үчүн барып кайтып келе жаткан болучу. Кыргыздар орус аскерлерин эки жакка караманча жылдырбай эки күн бою Эки-Чатта камап турду. 21-июнда гана Нарындын төрүндө жер чалып жүргөн Проценкодон казак-орустар кошууну жардамга келип, алсырай түшкөн орус аскерлерин курчоодон, кыргындан куткарып калууга үлгүрдү. Буга чейин 2-3 миң жигиттен турган Үмөтаалынын колу Нарын дарыясындагы көпүрөнү бузуп салган эле. Эки-Чаттагы кыргыздардын 18 жолу жасаган чабууладрынын учурунда Зубарев жана 7 аскер жарадар болуп, алардын экөө көз жумган”[6].*

И.Лернер, окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн, чындыкты тарыхый таанып билүүнүн методологиясына ээ болуунун зарылдыгын аныктап, айрым окуялардын уникалдуулугуна карабастан, тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрү типтүү көрүнүштөрдүн жана мүнөздүү тенденциялардын кайталануучулугунан куралат, деп белгилейт. Ал тарыхый таанып билүүнүн негизги методдорунун катарына төмөндөгүлөрдү кошот:

- салыштырмалуу-тарыхый метод;
- аналогия методу;
- натыйжасы боюнча себептерин аныктоо;
- артка карай корутундулоо методу (өткөндү жашап жаткан саркындылар боюнча аныктоо);
- бүтүндү бөлүктөр боюнча реконструкциялоо;
- лингвистикалык метод; [7]

Тарыхый таанып билүүнү анализдөө, тарыхый ой жүгүртүүнүн компоненттерин бөлүүгө мүмкүнчүлүк берет. Аны калыптандыруу мугалимдин төмөндөгүдөй максаттуу эмгегин талап кылат: бул позициядан курстун мазмундук жагына анализдөө, таанып билүүчү тапшырмалардын системасын түзүү, сабактагы ишмердиктин формаларын жана түрлөрүн тандоо. Сабакта компетенттүүлүктү арттыргыбыз келсе, практика жана андап билүү үчүн да убакыт бөлүү зарыл. Таанып билүүнүн негизги методдорун колдонуу менен У.Глассердин пирамидасында маалыматты эстеп калуунун проценти төмөнкүдөй белгиленет:



жасап көрүү-75%

биреөгө үйрөтүү-90%

Кыргызстандын тарыхын окутууда тексттерди пайдалануу усулу эң көп колдонулат. Мектептерде тарыхты окутууда тарыхый чыгармалардан, тарыхый документтерден, илимий-коомдук материалдардан жана башка тексттерден пайдалануу мүмкүн. Тексттер окуучулардын билимин тереңдетет, тарыхый фактыларды жана окуялардын маанисин терең түшүнүүгө жардам берет. Ал үчүн мугалим программанын талабына карата текстти тандап же даяр тексттерди пайдаланса болот. Сабакта тексттерди пайдалануу окуу материалын өздөштүрүүдө текстти талкуу кылуу жана алардан тарыхый окуялардын маанилүү белгилерин табуу, тарыхый фактыларды бири-бирине салыштыруу, конкреттештирүү жана жалпылаштыруу максатында алып барылат.

Текстте тарбиялык, идеологиялык, саясий, прогностикалык маанилердин кеңири спектри камтылган. Текст аркылуу адам, адамдын индивидуалдуу аң-сезими коомдук аң-сезимге жалганат, кошулат.

Андан аркы тарыхый окуянын жүрүшү боюнча окуучулар текст менен иштешет. ***Текст*** менен иштөөдө ***“Инсерт”*** ыкмасы колдонулат. Инсерт – бул эффективдүү окуу жана ойлонуу үчүн белги коюунун интерактивдүү системасы болуп саналат. Бул ыкма окуучулардын текстти окуу менен тема жөнүндө түшүнүккө ээ болуусуна мүмкүнчүлүк берип, алган билимдерин эске түшүрүүгө жардам берет.

| ✓ муну билем | + жаңы билдим | -окуганым билгениме карама-каршы | ? муну түшнгөн жокмун |
|---|---|---|---|
| | | | |

Текст:

*“Кыргыздар менен Ак-Талаа аймагындагы кагылышуу орус кошуундарынын Борбордук Теңир-Тоодогу андан ары жылышын кыйындатты. Көп өтпөй Кытай чек арасында кырдаалдын кыйындашына байланыштуу Колпаковскийдин буйругу боюнча “кашкар кошууну” Кеген кошуунуна биригүү үчүн кайра кайтат. Ошондой болсо да бул кошуун өзүнө жүктөлгөн милдеттердин бир тобун чечүүгө, айрым кыргыз урууларын Орусия таасирине имерүүгө үлгүрдү; Жумгал, Куртка, Тогуз-Торо чептери кыйратылды. Кашкар кошуунунун Борбордук Теңир-Тоого жортуулу айрыкча черик уруусунун Орусия курамына киргизилишин тездетти. Черик уруусу ал кезде Нарын суусунун жээктеринде, Ат-Башы, Арпа, Ак-Сай өрөөндөрүнөн Кашкарга чейин (аталган калаадан 50 чакырым аралыкта) көчүп-конуп жүрүшчү. Кокон хандыгынан тышкары, чериктерден цин-манжур төрөлөрү, кийин Кашкардын улугу Жакып-Бек (Якуб-бек) салык төлөөнү, баш ийип багынууну талап кылып турган. Ушундай катаал кырдаалда коңшулардын кысымынан кутулууну эңсеген чериктердин айрым манаптарына ак падышанын бийлиги жеңил болчудай сезилген, Орусия курамына кирүү оңтойлуудай сезилген”[8].*

Слайд 3




1863-ж. жазында 6 миңдей түтүн черик уруусунун чоң манабы Турдумамбет Тоймат уулу баш болгон бийлер Ала-Тоо округунун улугу Колпаковскийге атайын кат жөнөтүшкөн.

Окуучунун позициясындагы, ***“башкалардын түшүнүгүн текшерүүчү”*** суроо берилет: ***Эмне үчүн черик уруусунун башчылары орус төрөлөрүнө кат менен кайрылууга аргасыз болду?*** **-** деген суроого окуучулардан төмөндөгүдөй аргументтерди алсак болот:

- черик уруусунун манаптары орустарга каршылык көрсөтүүнүн пайдасыздыгын түшүнүшкөн;
- алар орустардын күчтүү куралданганын билишкен;
- алар орустарга каршылык көрсөтө беришсе элдин бейкуттугу камсыз болбоорун билишкен;

Андан ары мугалим черик уруусунун өкүлдөрүнүн Омскиге келип ант берүүсүн жана Теңир-Тоону мекендеген башка урууларды Орусиянын каратышы слайд аркылуу баяндайт.

Слайд 4




1863-ж. күзгө жуук Омскиге келген чериктердин элчилери (4 киши) 13-октябрда Омбу шаарында Турдумамбет Тоймат уулу, Омуке, Каташбек, Ажыбай манаптар ак падыша бийлигине баш ийгендиктери тууралуу черик уруусунун атынан ант беришет. Кылган кызматы үчүн элчилердин ар кимисине орус төрөсү баркыт чапан жабат. Ал эми кадырлуу манаптар Турдуке Турдумамбет уулу чоң алтын медаль менен 1-даражадагы баркыт чапанга арзыды. Мындан тышкары 4 манапка Орусия мамлекетине өтөгөн пайдалуу эмгегинин өтөлгөсү катары нооту чепкендер тартуу кылынды [9]. Бирок, 1868-жылы Нарын чеби курулганга чейин орус бийлиги чериктердин үстүнөн өз үстөмдүгүн реалдуу түрдө толук орното алган эмес.

1864-1865-жылдары Нарындын башын мекендеген бугу, тынымсейит уруусу, саяк уруусунун Кочкор, Жумгалды мекендеген уруктарынын кыйласы Орусия курамына киргизилген. Ал эми Үмөтаалы бийлеген сарбагыштар менен Осмон датка башкарган Тогуз-Торолук жана Ак-Талаалык саяктар орус бийлигине багынбай, аларга каршылыгын уланта берген. 1865-ж. Орусиянын карамагына Ак-Талаадан Жумгалга конуш которуп келген сарыбагыштын борукчу уругу (1000 түтүн) өтөт. Алардын башында манаптар Шамен, Кодоң, Байтели жана Жаманак турган.

1867-ж. жайында Нарынга полковник Полторацкийдин мыкты куралданган колу каптап келгенде Кара-Кужурдан тартып Ак-Сай, Чатыр-Көлгө чейинки кең аймакты (500 чакырым аралыктагы) ээлеп, 5-6 миң түтүн элди бийлеген Үмөтаалы багынып берүүгө мажбур болду. Ал эми Осмон Тайлак уулу болсо өз күрөшү кайгылуу аяктаган соң, Чыгыш Түркстанга журт которууга аргасыз болгон. Ал жерде Кашкар, Яркент, Хотан аймактарын бириктирген Жакыпбектин мамлекети болгон. Жакыпбек Осмонго колдоо көрсөткөн. 1877-ж. Жакыпбек өлгөн соң, Осмон датка, 3 миң түтүн эли менен Теңир-Тоого кайтып келип, Орусияга баш ийген.

Кошумча материалдан Үмөтаалынын кийинки тагдыры боюнча үн чыгарып окуу тапшырмасы окуучуга берилет.

*“Борбордук Теңир-Тоо Орусия курамына күчтөп киргизилгенден кийин Ала-Тоо окургунун улугу Үмөтаалыдан Эки-Чаттагы кармашта өлгөн эки жоокер жана жарадар болгон жети аскери үчүн кун доолады. Орус оторчу төрөсүнүн талабы боюнча ар бир өлгөн аскер үчүн 75 жылкы, жарадар болгон офицерге - 100 жылкы, 5 аскердин ар бирине 25тен жылкы кун төлөгөн (акчалай алганда 7500 сом, бир жылкы 25 сом). 1868-жылы күзүндө 60 жаштагы Үмөтаалы*

*белгиленген кундун жарымын акчалай, жарымын жылкы төлөп кутулду. Орус бийлиги тарабынан эл башкаруудан четтетилип, 1879-ж. көз жумганга чейин жупуну, тынч жашады"[10].*

1868-жылы Нарын жана Караколдо орус чептери курулуп, аларда орустардын туруктуу аскер кошундары жайгашты. Аскерлер Теңир-Тоо жериндеги Орус дөөлөтүнүн тиреги катарында анын үстөмдүгүн, жаңыдан өз карамагына бириктирилген аймактагы чек аранын коопсуздугун камсыз кылмак жана коргомок. Ошентип, Үмөтаалынын 1867-жылы багынып бериши, 1868-жылы орусиялык чептердин курулушу менен Борбордук Теңир-Тоону каратуу аяктап, бүткүл Түндүк Кыргызстан Орусияга негизинен келишим, бүтүм, куралдуу басып алуу менен каратылган.

***Сабакты жыйынтыктап жатып мугалим, окуучулардын:***

- Теңир-Тоо элин Орусияны каратып алуусу боюнча кеңири маалымат алууга;
- Окуяларды салыштырып жыйынтык чыгаруусуна;
- Документүү материалды түшүнүүсүнө, аны менен иштей алуусуна;
- Текст менен иштей алуусуна;
- Фактыларды, далилдерди келтирип, толеранттуу, нейтралдуу, туура бүтүм чыгара алуусуна жетишүү керек.

Ошентип, Кыргызстандын тарыхындагы "Теңир-Тоолук кыргыздардын Россиянын бийлигин кабыл алышы" - деген теманы окуп үйрөнүүдө берилген тапшырманы өздөштүрүү үчүн коюлган максаттар боюнча иш-аракеттер аткарылды. Иш-аракеттер окуучунун позициясына караган жана биригелешкен ишмердүүлүккө негизделди. Матералдын мазмунунан окуучулар Теңир-Тоо элинин тышкы душмандарга каршы күрөшү, эркиндикти сүйгөн эл катары, ошону менен бирге абалды туура баамдап мезгилге жараша аракет жасаган эл экендигин билишти. Ошондой эле бул өтүлгөн сабак бир катар тарбиялык баалуулуктарды берди.

## Пайдаланылган адабияттар:


1. П.С.Лейбенгруб. Дидактические требования к уроку истории в средней школе. Изд. Академии педогогических наук. М., 1957. 33-б.
2. И.Я.Лернер. Развитие мышления учащихся в процессе обучения истории. М.,1982. 30 с.
3. Ө.Осмонов., А.А.Асанканов. Кыргызстандын тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Б.,2003. 257- б.
4. А.В.Зубов., А.А.Лихтарович. ЭВМ анализирует текст: Книга для учителя. Минск: Нар.асвета, 1989.
5. Б.Е.Стариченко. Оптимизация школьного образовательного процесса средствами информационных технологий: Автореф.дисс.докт. Пед наук. Екатеринбург, 1999.
6. Т.Өмүрбеков., Тынчтыкбек Чоротегин. Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б.,1992.19,20-б.
7. И.Я.Лернер. Развитие мышления учащихся в процессе обучения истории. М.,1982. С.30
8. Т.Өмүрбеков., Тынчтыкбек Чоротегин. Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б.,1992. 20-б.
9. Кыргыздар. VII том. Б.,2011.497-б.
10. Т.Өмүрбеков., Тынчтыкбек Чоротегин. Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б.,1992. 21-б.